САПАТТУУ БИЛИМ

«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

**240404 Мунай жана газды кайра иштетүү адистиги боюнча**

**Сырткы баалоонун жыйынтыктары менен**

# КОРУТУНДУ

**Отчеттун акыркы редакциясын алуу күнү 07.10.24.**

**Сырткы баалоо жүргүзүү күнү**
**10-11-октябрь 2024-ж.**

**Ош, 2024 -ж.**

## 1. КИРИШҮҮ

*1.1 Эксперттик топ жөнүндө маалымат ("Сапаттуу Билим" билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин буйругу № 57-09/24 04-сентябрь, 2024-ж.)*

**1) Эксперттик топтун төрагасы**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты- жөнү | Төрөбеков Бекжан Төрөбекович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | КМТУнин "ОПУТ" кафедрасынын профессору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Киевдеги автомобиль-жол институту, Автомобилдер жана автомобилдер чарбасы, т.и.д., профессор. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**2) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Калимолдаев Максат Мурадилович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетинин "Маалыматтык жана эсептөө технологиялары институту" РМКнын башкы директорунун кеңешчиси |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Жогорку, М.С. Киров атындагы КМУ, Математика адистиги, Казакстан Республикасынын УИА академиги, физ.-м.и.д., профессор. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**3) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОМПУнин окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Кыргыз тили жана адабияты адистиги, п.и.к. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

4) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | Аталышы | Баяндамасы |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Карбекова Азиза Баймтовна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун алдындагы Экономика-юридикалык колледжинин директору, Экономика, Эсеп жана каржы кафедрасынын профессору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | КМУУ, «Чарбалык ишмердүүлүктү көзөмөлдөөнүн бухгалтердик эсеби», э.и.д., профессор |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

5) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | Аталышы | Баяндамасы |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Дыйканова Шекербубу Анарбековна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун тарых жана социалдык иш кафедрасынын доценти, т.и.к., доцент. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

6) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | Аталышы | Баяндамасы |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Жусупова Асилкан Эркебаевна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Ош курулуш колледжинин окутуучусу, Кесиктик сабактар циклинин башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Өнөр жана жана атуулдук курулуш адистиги |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

7) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | Аталышы | Баяндамасы |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Алиев Медетбек Кочкорбаевич |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Табигый-техникалык факультетинин «Электроэнергетика жана механика» кафедрасынын окутуучусу |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Электроэнергетикалык тармактар жана системалар, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

8) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Талайбек уулу Тариель |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун «Бизнес жана менеджмент» факультетинин «Менеджмент жана маркетинг» кафедрасынын башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Ишканаларда экономиканы башкаруу адистиги, э.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажрыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

9) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Эшбаев Абдилазиз Аматович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун Жалал-Абад колледжинин Өзгөчө кырдаал. коргоо жана автоунааларды техникалык тейлөө жана ондоо ПЦ комиссиясынын төрагасы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Ташкент элекротехникалык байланыш институту, электробайланыш инженери |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажрыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

10) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Сатаров Арзымат Эминович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун STEM инновациялык колледжинин информациялык технологиялар бөлүмүнүн башчысы, ф.-м-и.к., доцент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Математика адистиги, ф.-м.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажрыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

11) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Ысманов Эмилбек Касымович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ААК Ош электр тармактар ишканасынын директору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, ЭАСХ, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажрыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

12) Эксперттик топтун мүчөсү

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Шерболот уулу Нурадыл |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Студент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун “Колдонмо информатика” багытынын ПИЭ(б)-1-21 гр.студенти |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажрыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

## 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин кыскача тарыхы

ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи 2004-жылдын февраль айында Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун 2004-жылдын 22-апрелиндеги №09-04/140 буйругунун негизинде жалпы негизги же орто жалпы билим берүү базасында ортоңку звенодогу адистерди даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кесиптик орто билим берүү максатында Технологиялык колледж болуп ачылган.

Гуманитардык-технологиялык колледж ОшТУнун структуралык бөлүгү болуп эсептелет. Колледж бүгүнкү күндө кесиптик орто билим берүү программасынын гуманитардык, экономикалык, техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан көп профилдуу окуу жай. Түзүлгөндөн тартып учурга карай жетиштүү деңгээлде материалдык-техникалык база менен камсыздалды. Окуу процессин уюштуруу нормативдик талаптарга ылайык жолго коюлуп, билим берүү сапаттык жактан жогорку деңгээлге көтөрүлдү. Гуманитардык-технологиялык колледж кесиптик орто окуу жайлардын арасында татыктуу ордун таап, окуу жайга тапшырууну каалаган абитуриенттердин жана билим алып жаткан студенттердин саны жыл сайын өсүүдө. Мезгил талабына ылайык мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо-талабы жогору.

Окуу жай бүгүнкү күндө республикадагы эң ири кесиптик орто окуу жайлардын бирине айланды. Коллеждин кесипке даярдоодогу ар тараптуулугун, мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо–талабынын жогору экендиги эске алынып, 2019-жылдын 28-ноябрындагы ОшТУнун Окумуштуу кеңешинин жыйынын (№3,2019) “Технологиялык колледждин атын өзгөртүү” тууралуу чечимин бекиткен ректордун №09-04/311 2019.05.12. буйругу менен колледждин аты өзгөртүлүп, ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи болуп аталган.

Окуу жайда илимдин кандидаттары жана жогорку тажрыйбалуу окутуучулар сабак беришет. Студенттер ОшТУнун материалдык-техникалык базасында, илимий-лабораторияларында, окуу залдарында билим алышат.

Окуу жайынын алган сыйлыктары жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет): Гуманитардык-технологиялык колледжде түзүлгөндөн бери иштеп жаткан негизги профессордук-окутуучулар курамы колледжинин жана материалдык-техникалык камсыздоо программаларын чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча зор иштерди аткарышты. Окутуудагы кызматтары үчүн алардын көбү ар кандай мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга татыктуу болгон:

-КР Ардак грамотасы- 1;

-КР билим берүүнүн отличниги–1

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасы–1;

-ОшТУ-нын 60 жылдыгына карата «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» юбилейлик медалы;

- Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы – 3;

-КР Өзгөчө кырдаалдар министирлиги тарабынан берилген ардак грамата -3;

- КР ӨКМ ош шаардык башкармалык тарабынан берилген ардак граммата -3;

Гуманитардык-технологиялык колледжде адистиктер боюнча азыркы күндө жалпы 4638 студент, алардын 3085 студент күндүзгү окуу фомасында, 1553 студент сырттан окуу формасында билим алып жатат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде жалпы 188 окутуучу профессордук курам, алардын ичинен 9 илимдин кандидаты эмгектенет.

Ош Технологиялык университетинин Гуманитардык-технологиялык колледжине караштуу Геология,жаратылышты пайдалануу жана коопсуздук кафедрасы Өзгөчө кырдаалдарда коргоо, Ачык тоо-кен иштери, Мунай жана газды кайра иштетүү, Айыл-чарба азыктарын кайра иштетүүнүн технологиясы багытындагы адистерди даярдоо максатында Технология жана жаратылышты пайдалануу факультетинен бөлүнүп, 2016-жылдын август айында "Геология, жаратылышты пайдалануу жана коопсуздук" кафедрасы болуп түзүлүп, 2024-жылдын 2-июлунда Геология, жаратылышты пайдалануу жана коопсуздук предметтик-циклдик бирикме болуп өзгөртүлгөн.

Азыркы учурда 280105 "Өзгөчө кырдаалдарда коргоо", 240404 "Мунай жана газды кайра иштетүү", 140304 "Ачык тоо-кен иштери" жана 110305 "Айыл-чарба азыктарын өндүрүүнүн кайра иштетүүнүн технологиясы" адистиктерин даярдап келишет.

Учурда Мунай жана газды кайра иштетүү адистигинин күндүзгү окуу бөлүмүндө 30 студент билим алууда: 2-курста-15, 3-курста-15, ал эми сырттан окуу бөлүмүндө 8 студент : 2-курста-8 студент билим алууда.

**2024-2025- окуу жылынын башындагы студенттердин саны**

| № | Шифр | Адистиктин аталышы | Окуу формасы | Курсу жана окуу формасы боюнча студенттердин саны | | | | Окуу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1-курс | 2-курс | 3-курс | жалпы | |
| 1 | 240404 | Мунай жана газды кайра иштетүү | күндүзгү | - | 15 | - | **15** | 2 жыл 10 ай (9 кл) |
| | | | күндүзгү | - | 15 | - | **15** | 1 жыл 10 ай (11 кл) |
| | | | сырттан | - | 8 | - | **8** | 2 жыл 6 ай (11 кл) |
| | | | **Жалпы:** | - | **38** | - | **38** | |

Кабыл алуу 9-класстын базасында күбөлүктүн жана 11-классты аяктагандар аттестаттын негизинде жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү 9-класстын базасында 2 жыл 10 ай, 11-класстын базасында 1 жыл 10 ай жана сырттан окуу бөлүмүндө 2 жыл 6 ай. Окутуу мамлекеттик жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

**240404 “Мунай жана газды кайра иштетүү” адистиги боюнча 3 жылдык кабыл алуу боюнча маалымат**

| № | Адистиктин аталышы | Окуу формасы | 2022-23-окуу жылы | 2023-24-окуу жылы | 2024-25-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 240404 Мунай жана газды кайра иштетүү | күндүзгү | 15 | 30 | 15 |
| | | сырттан | - | 8 | - |
| | **Жалпы** | | **15** | **38** | **15** |

“Геология, жаратылышты пайдалануу жана коопсуздук” кафедрасы 240404 Мунай жана газды кайра иштетүү адистиги боюнча адистерди даярдап 2016-жылдан бери бүтүрүп келе жатат. Бүтүрүүчү тайпанын студенттери окуу пландагы бардык жүктөмдөрдү аткаргандан кийин, Мамлекеттик аттестация б.а. “Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, кыргызстандын географиясы” боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамендерди ийгиликтүү тапшырышса жана дипломдук жумуштарын коргошсо, бүтүрүүчүлөргө орто кесиптик билим берүү программасынын үлгүсүндө “техник-технолог” квалификациясы ыйгарылат.

**Акыркы 5 жылдагы бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат**

| № | Адистиктин аталышы | 2019-20 окуу жылы | 2020-21 окуу жылы | 2021-22 окуу жылы | 2022-23 окуу жылы | 2023-24 окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 240404 Мунай жана газды кайра иштетүү | 33 | 15 | 15 | 12 | 9 |
| | **Жалпы:** | **33** | **15** | **15** | **12** | **9** |

Бул адистикти даярдоодо жалпысынан 12 ОПК эмгектенет, алардын 11 ОПК штаттык, 3 ОПК айкалыштрылган жана 1 адис. Билим берүү программасын ишке ашырууда Ош мамлекеттик университетин, Ош технологиялык университетин бүтүргөн окутуучу профессордук курам эмгектенет.

**Кафедранын профессордук-окутуучулук жана окуу-жардамчы курамы жөнүндө маалымат**

| № | Окутуучунун фамилиясы, аты жана атасынын аты | Окуу жуктому | Иштеген кызматы | Илимий даражасы, илимий чини |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Артыкбаев Сейитгазы Адылбекович | 1 | каф. башчы | магистр |
| 2 | Калыкбердиева Аида Макамбаевна | 1 | окутуучу | |
| 3 | Саипова Аида Шарабидиновна | 1,5 | окутуучу | |
| 4 | Чалова Нургул Толонбаевна | 1 | окутуучу | |
| 5 | Исраилова Гульнура Маматкалиловна | 1 | окутуучу | магистр |
| 6 | Турдуев Максат Эшалиевич | 1 | окутуучу | магистр |
| 7 | Сатывалдыев Акылбек | 1,5 | окутуучу | |
| 8 | Арзиматов Алмазбек Азизбекович | 1,33 | окутуучу | |
| 9 | Кайратбек кызы Гаухар | 1,5 | окутуучу | |
| 10 | Жолборс кызы Гулиза | 1,5 | окутуучу | магистр |
| 11 | Курманали уулу Кубанычбек | 1,5 | окутуучу | магистр |
| 12 | Садыбакасова Гүлүмкан | 1 | окуу устаты | магистр |
| 13 | Арзиева Сузана | 0,5 | окутуучу | |
| 14 | Мурзаева Бусара Тургуналиевна | 0,25 | окутуучу | |
| 15 | Жусупов Байэл | 0,5 | окутуучу | |

240404 Мунай жана газды кайра иштетүү адистиги билим берүү программасынын стандартын ишке ашыруу үчүн заманбап талаптарга ылайык жабдылган адистештирилген аудиториялар бар.

Жалпыга маалымдоо үчүн университет тууралуу маалымат https://oshtu.kg/2022/05/11/кафедра ГЖПжК/ сайтында жарыяланган.

Билим берүү программасынын мазмуну Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык негиздерине жана Орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын белгиленген максаттарына, ОшТУнун жана бүтүрүүчү бирикменин билим берүү милдеттерине туура келет.

240404 Мунай жана газды кайра иштетүү модулдук билим берүү программасы ООПтун негизинде түзүлгөн жана жетишилген окуу натыйжаларында чагылдырылган өздөштүргөн компетенцияларды чагылдырат.

а) технологдун жалпы (негизги) ишмердүүлүгү:

ЖК1 - өз ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана каражаттарын тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

ЖК2 - көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилгени жана жоопкерчиликти көрсөтүү;

ЖК3 - кесиптик милдеттерди натыйжалуу ишке ашыруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4 - кесиптик ишмердигинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5 - коллективте иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен эффективдүү баарлаша билүү;

ЖК6 - коллективтин мүчөлөрүнүн иши жана алардын кызматтык даярдыгы үчүн, тапшырмаларды аткаруунун натыйжалары үчүн жоопкерчиликти алуу;

ЖК7 - өзүнүздүн жеке жана профессионалдык өнүгүүнүздү башкаруу, эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө жана профессионалдык ишмердүүлүктөгү технологияларга ыңгайлашуу;

ЖК8 - чакан коллектив менен уюштуруучулук жана башкаруучулук иштерге даяр болуу.

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик:

КК3 - уюштуруучулук жана башкаруучулук - аткаруучулар командасынын ишин уюштуруу;

КК4 - өндүрүштүк ишти пландаштыруу жана уюштуруу, стандарттуу эмес кырдаалдарда өндүрүштүк иштерди пландаштырууда жана уюштурууда оптималдуу чечимдерди тандоо;

КК5 - өндүрүлгөн продукциянын сапатын контролдоо; уюмдун (ишкананын) өндүрүштүк ишинин экономикалык натыйжалуулугун баалоого катышуу;

КК6 - өндүрүш объектисинде өнөр жайлык жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу;

КК-7 - эксперименталдык - технологиялык процесстерди жана аларды ишке ашыруу режимдерин сыноо жана өздөштүрүү боюнча эксперименталдык иштерди жүргүзүү;

КК8 - лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү; өндүрүлгөн продукциянын стандарттык жана сертификациялык сыноолорун өткөрүү;

КК9 - лабораториялык эксперименттердин натыйжалары боюнча технологиялык документтерди даярдоо жана түзүү.

ПК10 - өнөр жай ишканаларында, нефтини жана газды кайра иштетүүчү жана мунай-химиялык профилдеги илимий-изилдөө уюмдарында жана аны менен байланышкан тармактарда техник катары нефтини жана газды кайра иштетүүнүн жана мунай химиясынын технологиялык процесстерин ишке ашыруу боюнча кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгы.

Бул адистиктерде элективдүү дисциплиналардын каталогдору жыл сайын жаңыланып турат. Элективдик сабактардын каталогу студенттерге университеттин китепканаларында жеткиликтүү, мындан тышкары каалаган студент каталогдун электрондук версиясын https://oshtu.kg/ сайтынан көчүрүп алса болот. Студент ориентация жумалыгында, куратор менен жолугушууда биринчи курста учурдагы баалоо системасы жөнүндө маалымат ала алышат. Ар бир студентте http://portal.oshtu.kg/#/login платформасына кирүү үчүн пароль жана логин бар, мында студенттер бардык окуу материалдарын, тесттик суроолорду, алардын бааларын жана башкаларды көрө алышат.

240404 Мунай жана газды кайра иштетүү НББП иштеп чыгууга жана университеттин ишмердүүлүгүнө коллегиалдуу органдар катышат. Бул тармакта билим алып жаткан студенттер ишканалар менен кызматташууга мүмкүнчүлүктөрү бар.

240404 Мунай жана газды кайра иштетүү НББП кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо үчүн зарыл болгон компоненттерди камтыйт, негизги компетенцияларды, студенттердин кесиптик даярдыгына туура келген интеллектуалдык жана практикалык көндүмдөрдү, ошондой эле андан аркы билим алуу үчүн зарыл болгон компетенцияларды камтыйт.

Студенттерге кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү, пайдалуу кошумча билимдерди алуу жана ар кандай иш-чараларга катышуу үчүн ар кандай программалар сунушталат.

Адистик боюнча практиканы өтөө ОшТУнун №9 бюллетенинин (практика жөнүндө жобо) негизинде уюштурулат. ГЖПжК кафедрасы студенттерди практикаларга жөнөтүү үчүн "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК менен келишимдерди түзгөн.
*https://drive.google.com/file/d/1o91pXT-uer4_6jHy3q4mfuFJVslYSiWO/view?usp=drive_link*

Практикалардын бардык түрүн өтөө бекитилген окуу пландын негизинде уюштурулат. Окуу планында практика учун 15 кредит каралган. Анын ичинен 2 кредит окуу-таанышуу , 7 кредит өндүрүштүк жана 6 кредит диплом алдындагы практика.

Мисалы, 240404 Мунай жана газды кайра иштетүү адистигинде окуган студенттер окуу мөөнөтү учурунда төмөнкү практикалардан өтүшөт:

- окуу таанышуу – 3-семестр, 2 жума (окуу жайда).
- өндүрүштүк – 4-семестр, 4 жума ("Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК);
- өндүрүштүк – 5-семестр, 3 жума ("Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК);
- диплом алдындагы практика - 6-семестр, 4 жума ("Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК);

Практика ГТКнын окуу процессинин графигине, окуу планы, практика боюнча жобонун негизинде, ошондой эле практиканын программасынын негизинде уюштурулат. Студенттерди практикага бөлүштүрүү ГТКнын директору билдирүү берип, ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору буйрук чыгарат. Практиканы өтөп келгенден кийин, студент практиканын жетекчисине отчет даярдайт жана аны коргойт. Практиканын жетекчиси студенттердин практиканы өткөргөн жыйынтыгы боюнча ГТКнын ККде Мунай жана газды кайра иштетүү адистигинин практикасынын жыйынтыгы боюнча маалымат берет.

## 2.1 Сырткы баалоону баяндоо

Сырттан келген текшерүү иш сапары 2024-жылдын 10-октябрынан 11-октябрына чейин М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетининде өткөрүлдү. ОшТУнун ишмердүүлүгүн баалоо боюнча объективдүү маалымат алуу үчүн СЭК мүчөлөрү визуалдык текшерүү, байкоо жүргүзүү, ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлеринен, окутуучулардан, студенттерден, магистранттардан, иш берүүчүлөрдөн интервью алуу, профессордук-окутуучулук курамды сурамжылоо сыяктуу ыкмаларды колдонушту. СЭКтин максаттуу топтору менен жолугушуулары визиттин көрсөтүлгөн программасына ылайык, белгиленген мөөнөттө өттү. Университеттин кызматкерлери иш сапарынын программасында көрсөтүлгөн бардык мүчөлөрдүн катышуусун камсыз кылышты.

Сырткы эксперттик комиссия тарабынан **визуалдык текшерүүнүн** жүрүшүндө окуу процессин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базанын жана социалдык инфраструктура объекттеринин бар экендиги аныкталды, бул жалпысынан студенттердин керектөөлөрүнө жана билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу талаптарына жооп берет.

Окуу жайдын материалдык-техникалык базасынын жана социалдык инфраструктурасынын оң жактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- заманбап жабдуулар менен жабдылган кабинеттердин болушу;
- кабыл алуу комиссиясы үчүн кабинеттин болушу;
- активдүү Enactus студенттик командасынын болушу;
- конференц-зал;
- актылар залдардын болушу;
- квалификацияны жогорулатуу кабинети;
- окуу лабораторияларынын болушу;
- окуу процессинде жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө окуу лабораторияларын активдүү пайдалануу;
- тиешелүү жабдуулары бар фельдшердик-акушердик пункттун болушу;
- заманбап программалык камсыздоо менен компьютердик класстардын болушу, Интернетке кирүү ж.б.;
- заманбап ашкананын болушу;
- студенттердин окуу, өз алдынча жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн студенттерге жеткиликтүү заманбап китепкана (анын ичинде электрондук китепкана) фонддорунун болушу.

ОшТУда келишимдин негизинде студенттер окуу мезгилинде жашай турган жатакана бар. Окуу жайдын студенттерине илимий жана чыгармачылык менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Ошондой эле коомдук-маданий иш-чараларды уюштуруу, студенттердин чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү, ШТК жана спорттук мелдештерди уюштуруу ж.б. бар.

Илим жана кошумча билим берүү бөлүмү илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, олимпиадаларды, студенттик конференцияларды өткөрүү, ошондой эле ОшТУнун дебаттык кыймылын өнүктүрүү жана парламенттик сессияларды уюштуруу менен алектенет.

Окуу жайдын студенттери ар кандай олимпиадаларга жана аймактык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларга активдүү катышышат.

Университетте билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу инструменттердин бири катары «Univer+» маалымат системасы киргизилди.

Студенттер үчүн ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары тууралуу маалымат университеттин сайтында, Instagram социалдык тармагында жана Youtube каналында (ОшТУнун сайтында) жайгаштырылган. *(https://oshtu.kg), Инстаграм (https://www.instagram.com/bime.oshtu/?igsh=MXdoYWxncDJzZ3BhMg%3D%3D )*

СЭК 7 интервью өткөрдү. Иш сапардын программасына ылайык максаттуу топтор менен тышкы эксперттик комиссиянын жолугушуулары өткөрүлдү.

**Студенттер менен болгон жоолугушууда** билим берүү программасынын сапатына канааттангандыгын көрсөттү. Алар эл аралык жана республикалык олимпиадаларга, конференцияларга жана сынактарга катышууда, ошондой эле окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн, университетте түзүлгөн шарттар алардын муктаждыктарын канааттандырарын, студенттердин практика учурунда өзгөчө кыйынчылыктарга дуушарланбагандыгын белгилешти.

***Сунуш:*** 1. 240404 Мунай жана газды кайра иштетүү адистигинде билим алган студенттери үчүн Ош шаарынын жана Ош, Жалал-Абад областарынын мамлекеттик

ишканаларында окуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларын өтөөгө келишимдер түзүлгөн. Ишканалар менен тиешелүү келишимдер бар, окуу практикаларын өтүүгө окуу жайдын базасында шарттарды кенейтүү керек.

**Профессордук окутуучу курамдан сурамжылоо:** окутуучулар билим берүү программаларын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтордун курамына кирет, окутуунун инновациялык ыкмаларын колдонушат, ачык сабактарды жана сабактарга, өз ара катышууну үзгүлтүксүз жүргүзүшөт, ОшТУнун окуу-методикалык кеңеши жана колледжде методикалык комиссиялар иштейт. Ошондой эле университетте ынтымактуу иш атмосферасы түзүлгөнүн, көптөгөн окутуучулар эмгек тажрыйбасы мол жана Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги жана жаштардын насаатчылары экенин белгилешти. Окутуучулар колледжде жана ОшТУда чечим кабыл алууга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. окутуучулардын эмгеги моралдык жана материалдык жактан колдоого алынат: негизги эмгек акысына кошумча акылар, акчалай сыйлыктар, грамоталар, ыраазычылыктар ж.б. берилип тураарын белгилешти.

Эмгек шарттарына канааттануу даражасын талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөттү: Окутуучулар окуу процессин өнүктүрүүгө жана башкарууга катышуусуна, потенциалын өнүктүрүүгө, коллективдеги психологиялык климатка жана ОшТУнун жалпы имиджисине канааттанышат.

*Сунуш:* окутууда пайдалана турган заманбап технологияларды дагы да көбөйтүү жана ошондой эле ушул адистиктерге тиешелүү программалар жүктөлгөн компьютердик класс менен камсыз кылуу.

**Административдик-башкаруу кызматкерлери менен жолугушуу** окуу процессин өнүктүрүүдө жана илимий изилдөөдө төмөндөгү өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берди.

- ОшТУнун жетекчилигинин жамааты стратегиялык жана учурдагы максаттарды билет жана аларды ишке ашырууга түрткү болот;
- күндүзгү/сырттан окуу бөлүмдөрүнүн студенттерин даярдоо Univer+ программасы боюнча жүргүзүлөт.
- ар бир дисциплинага заманбап маалыматтык-колдонмо программаларын ишке ашыруу;
- улуттук жана чет өлкөлүк донорлор үчүн стартаптарды, инновацияларды өнүктүрүү, долбоорлорду жазуу боюнча семинарлар өткөрүлөт;
- атайын дисциплиналар боюнча кыргыз тилинде китептер басылып чыкты;
-төраганын атынан тандоо комиссиясы түзүлдү, кесипке багыт берүү планы иштелип чыкты, ага күн сайын Ош шаарынын жана областтык райондордун мектептерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын чектеш облустарына баруучу мобилдик топтор кирди.

Административдик-башкаруу кызматкерлери материалдык-техникалык базаны жакшыртууга кеткен каржылык чыгымдарды, билим берүү процессин жана билим берүүдөгү сапатты башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча иштердин келечектүү багыттарын талкуулашты.

**Бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу.** Баарлашуунун жүрүшүндө ГТКнин бүтүрүүчүлөрү кесиптик ишмердүүлүктө ийгиликтүү колдонулуп жаткан керектүү илимий жана практикалык компетенцияларды жакшы өздөштүргөнүн белгилешти. Алар жумушка орношуу маселелери жана ГТКде алган билими алардын карьералык өсүүсүнө

кандай жардам бергени менен бөлүшүштү. Окуу аяктаган соң көпчүлүгү окуган адистиктерине дал келген иш орундарын табышканын айтышты.

**Ректор, окуу тарбия иштери боюнча проректор, сырткы байланыштар боюнча проректор, инновация жана илимий иштер боюнча проректор, мамлекеттик тил боюнча проректорлор менен жолугушууда,** учурда ОшТУде жана ГТКде ишке ашырылып жаткан өнүгүүнүн келечектүү багыттарына байланыштуу университеттин стратегиялык максаттарын жана милдеттерин аныктоого мүмкүндүк берди, атап айтканда, академиялык эркиндик жана академиялык мобилдүүлүк принциптери, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, инфраструктураны жакшыртуу, инклюзивдик билим берүү, кызматкерлердин эмгек акысын жогорулатуу, илимдеги жетишкендиктер үчүн материалдык кызыктыруу менен компенсациялоо, башка билим берүү уюмдары менен эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү ж.б.

Жетекчилик менен ГТКнин өнүгүү планы, профессордук-окутуучулук курамынын республика ичинде жана чет өлкөлөрдө болуп өткөн ар кандай долбоорлорго, иш-чараларга, көргөзмөлөргө, конференцияларга катышуусу, кызматкерлердин олуттуу натыйжаларга жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана рейтингин жогорулатуу тууралуу баарлашуу болду.

**Иш берүүчүлөр менен болгон жолугушууда** комиссия иш берүүчүлөр эксперттик топтор катары билим берүү программасын айыптоого активдүү катышаарына ынанды. Ошентип, иш берүүчүлөр окуу пландарын талкуулоого, билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенцияларын аныктоого, өндүрүштө окууга катышат, конок лекцияларды өткөрөт, Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү катары тартылат. ж.б. Ошондой эле алар практикага барган студенттерди жумушка калуусун сунуштоону айтып өтүштү.

Иш берүүчүлөр билим берүү программасын ишке ашырууга катышуунун жогорку деңгээлин ынандырарлык түрдө көрсөтүштү:

- ГТК менен активдүү кызматташуу;
- ГТКнин бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу;
- өндүрүштүк заказдар боюнча кадрларды даярдоо;
- конок лектор катары катышуу;
- илимий жетекчи катары катышуу жана кандидаттык диссертацияларды кароо.

Иш берүүчүлөр студенттердин кесиптик даярдыгын жана теориялык жактан жакшы даярдыгын көрсөтүшкөнүн белгилешти.

***Сунуш:*** 1.Окуу пландарына практикалардын санын жана мөөнөтүн көбөйтүү.

2. Практикалык сабактарды көбөйтүү.

**Ата-энелер менен жолугушуу:** окуу жайын тандоодо колледждин мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлерин, тааныш-билиштерин, тууган-туушкандарынын кеп-кеңештерин эске алуу менен окуу жайга балдарын тапшыртканын белгилешти. Ошондой эле бул адистиктер жөнүндө маалыматтарды кабыл алуу жөнүндө жарнамалардан да алышканын айтышты. Алар окуунун жакшы натыйжасын жана билим берүү чөйрөсүнө канааттангандыгын, окутуучулардын жана кураторлордун мамилесин жана өндүрүштө практиканын бардык түрлөрүн уюштурууну белгилешти. Ошондой эле ГТКде иштеген окутуучулардын балдарына контрактан 50% жеңилдик берилээрин белгилешти.

***Сунуш:*** 1. Балдарыбыз белгилүү бир сменде окушса же эрте мененки же экинчи сменде. Себеби балдарыбызга сабактан сырткаркы учурда курстардын окуу жадыбалына дал

келбей жатат.

2. Сабактан тышкары кошумча тил курстарына кабыл алууда окуучулардын санынын чектелбесе. Мисалы корей тили, англис тили, кытай тили ж.б.

**Предметтик-циклдик бирикменин башчылары менен жолугушуу:** НББПны түзүүдө кызыктар тараптар менен тегерек столдор өткөрүлүп, алардын сунуштарын эске алынаарын белгилешти. Бирок көпчүлүк адистиктердин окуу пландарын түзүүдө элективдүү бөлүккө бөлүнгөн кредиттин аздыгы кызыктар тараптар сунуштаган сабактарды толук окуу планына кошууга тоскоолдук жаратып жатканын айтышты. Студенттерди баалоо ачык-айкын, обьективдүү каралып, окутуучулардын студенттерге мамилеси, баалоосу тынымсыз бирикме башчылары тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

Визиттин жүрүшүндө эксперттер төмөнкү **практика базалары менен таанышты**:

- “Аэро Ош” Жабык акционердик коому, Ош Аэропорту;
- Газпром Кыргызстан Жоопкерчилиги чектелген коому;
- ИНТЭК Аэропорт Жоопкерчилиги чектелген коому;
- Ош шаардык мэриясы, Жаштар иштери боюнча комитети
- ЖЧК «Ош Пирим» телерадиокомпаниясы

Визиттердин жүрүшүндө ЭК мүчөлөрү окуу, өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикадан өтүп жаткан студенттер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү. Алар коллективдин коммуникативдик мамилелеринен канааттануу шарттары, күндөлүктөрдү толтуруу, студенттердин иштөө эрежелери тууралуу суроолорду беришти.

СЭКтин мүчөлүрү практика базалары менен таанышуу учурунда ал жердеги окуу-өндүрүштүк жана квалификация алдындагы практикаларын өтүп жаткан студенттер менен баарлашуу жүргүздү. Аларга практика өтүү тартиптери, дневниктерин толтуруу шарттары, коллективдин практиканттарга болгон мамилеси, шарттары боюнча суроолорду беришти.

СЭКтин мүчөлөрү төмөнкүдөй корутунду чыгарышты:

ОшТУнун студенттерине окуу, өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практика үчүн практикалык базалар менен камсыз болгон. Бардык практикалык базалар заманбап жабдуулар менен жабдылган жана ошого жараша окутуунун прогрессивдүү технологиялары колдонулат, лекциялар үчүн аудиториялар жана конференц-залдар бар, ишканалардын өндүрүш жетекчилери менен тыгыз байланыш түзүлгөн. Студенттер практиканын бардык түрлөрүнө канааттанышат.

Аккредитациялоо жол-жобосуна ылайык, ГТКнин окутуучулары, студенттери жана бүтүрүүчүлөр арасында сурамжылоо жүргүзүлдү

**“Бүтүрүүчүлөр үчүн сурамжылоо”**

Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны – 46. Алардын 65,21%ы айлык акы менен толук ставкадагы жумуш менен камсыздалган, 6,5%ы толук эмес жумуш менен камсыздалган, 4,3%ы гана магистратурада окуусун улантышкан.

“Билим берүү тармагында иштейсиңби?” деген суроого - сурамжылоого катышкандардын 82,6% Ооба, калган 17,4% Жок деп жооп беришти.

Сурамжылоого катышкандардын 82,6%ы уюмдарда жумуш менен камсыз болушса, анын 72%ы эмгек акысына канааттанышат.

"Сиз өзүңүздүн билим берүү тармагын туура тандадым деп ойлойсузбу?" деген суроого. - Бүтүрүүчүлөрдүн 87% "Ооба" деп жооп берсе, 13% гана тандоосуна наараазы болгон.

**"Студенттер үчүн сурамжылоо"**

Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 57.

Студенттердин 91,2%ы предмет боюнча тапшырмаларды тынымсыз аткарууга макул болушса, 8,8% окуучулар «макул эмес» деп жооп беришкен.

91,2% предмет боюнча сабактарга кызыгышат, 8,8% предмет боюнча сабактарга катышууга кызыктар эмес деп жооп беришкен.

Сурамжылоого катышкан 100% студенттердин 28%ы сабактын графиги алардын муктаждыктарына жооп бербейт деп жооп беришкен.

Студенттердин 88%ы бул предмет боюнча бардык иш-чараларга катышууга оң жооп беришти.

Сурамжылоого катышкан студенттердин 96,5% мугалим сабакка өз убагында келерин айтышкан.

Студенттердин 98,2% мугалим өз сабактарында окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонот деп жооп беришкен.

Студенттердин 12,3% мугалим студенттин ишин баалоодо бир жактуу экенин айтышкан.

Студенттердин дээрлик 81%ы (80,7%) мугалимде маңыздуу жана визуалдык окуу материалдары бар деп макул болсо, 19,3% макул эмес.

Студенттердин 89,5% мугалим окуу материалын жеңил жана жеткиликтүү баяндайт деген пикирге кошулса, 10,5% андай эмес деп эсептейт.

**Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга карата студенттердин канааттануусун талдоо.**

Бардык студенттердин 35% толугу менен макул жана ОшТУнун бардык кызматтарына канааттанышат.

Окуучулардын 24,5%ы сабактык расписаниенин түзүлүшүнө канааттанбайт. Жатаканадагы жана ашканадагы шарттар 22,8%ды канааттандырбайт.

12,3% окутуучу тарабынан берилген материалга наараазы.

8,8% СӨАИнин уюштурулушуна наараазы (окутуучулар СӨАИ, тесттик тапшырмаларды жана лабораториялык тапшырмаларды жакшы түшүндүрбөйт).

17,5% - окутуучулар студенттерге кошумча кеңеш алуу үчүн жеткиликтүү эмес жана окутуучу менен студенттердин ортосунда жагымсыз мамилелер бар экенине канааттанбайт.

Студенттердин 21% аудиториядан тышкаркы иш-чаралар аркылуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү жок экенине канааттанбайт.

Студенттердин 45,6% өндүрүштүк практикада алган кесиптик көндүмдөрүнө канааттанбаганын айтышкан.

**“Профессордук-окутуучулук курамдан сурамжылоо”**

Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 51.

Сурамжылоого катышкан кызматкерлердин 54,4% университеттеги бардык иштөө шарттарына толук канааттанышат.

23,5%ы билим берүү программасын башкарууга катышуусуна, университетте потенциалды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн болушуна, коллективде канааттандырарлык психологиялык климаттын болушуна жана пайда болгон социалдык маселелерди чечүүгө канааттанышат.

Бардык кызматкерлердин 21,6% айлык акыга наараазы.

Ал эми кызматкерлердин 14% университет жетекчилигинин ишмердүүлүгүнө канааттанбайт.

Эксперттик топтун иш планына ылайык 10-октябрь күнү саат 13:20-14:40 өткөрүлдү.

| № | Окутуучунун Ф.А.А. | тайпа | предмет | темасы | каана |
|---|---|---|---|---|---|
| **240404 Нефти жана газды кайра иштетүү** | | | | | |
| 1 | Чалова Н.Т. | ПНиГ-1-23(9) | Адистикке киришүү | Нефти жана нефти продукциясынын классификациясы | 3/312 |

ПНиГ-1-23(9) тайпасында сабакка 15 студент катышты. Сабактын темасы "Нефти жана нефти продукциясынын классификациясы". Интерактивдүү доска кеңири колдонулду. Студенттер тапшырманы чечүүгө ар кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен келишти. Окутуучунун жумушчу программасы жана студенттердин группалык журналы боюнча пикирлер айтылды, алар оңдолуп, толукталды.

## 3. АНАЛИТИКАЛЫК БӨЛҮК

### 3.1. ЭКСПЕРТТИН СУНУШТАРЫ МЕНЕН АКЫРКЫ АНАЛИЗИ

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1.1. Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келет. | аткарылды |
| 1.2. Окуу жүктөмдөр билим берүү стандарттарына дал келет. | аткарылды |
| 1.3. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууну ишке ашырууга билим берүү уюму жана кызыкдар тараптар катышат. | аткарылды |
| 1.4. Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашыруу үчүн жоопту адамдар (кызматтар) болот. | аткарылды |
| 1.5. Билим берүү программасы инновациялык методдор менен жаңы технологияларды колдонуп сабак өтүшөт. | аткарылды |
| 1.6. Билим берүү уюму студенттердин ар кандай муктаждыктарын аныктап, кошумча билим берилет | аткарылды |
| 1.7. Жыл сайын мониторинг жүргүзүлүп, билим берүү программасын анын актуалдуулугун камсыз кылып, илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алып, сабактардын мазмунуна карап бааланат. | аткарылды |

**2-стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 2.1. Билим берүү уюмунун миссиясы, билим берүү максаттары жана күтүлгөн окуу натыйжалары менен шайкеш келишин камсыздайт. | аткарылды |
| 2.2. Билим берүү программасынын натыйжалары менен студенттердин | аткарылды |

| | |
|---|---|
| максаттарынын ортосундагы байланышка толугу менен дал келет. | |
| 2.3. Билим берүү уюмунда мамлекеттик стандарттарга жооп берген билим берүү программасы боюнча окутуунун натыйжалуулун объективдүү таанууну камсыздайт. | аткарылды |
| 2.4. Бүтүрүүчүлөр окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин мамлекеттик жана квалификациялык жыйынтыктоочу сынактарды тапшырышат, ошондой эле өз адистиги боюнча сынактардан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө алардын адистик боюнча квалификациясын тастыктаган, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын ырастаган башталгыч кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет. | аткарылды |

**3-стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 3.1 Педагогикалык методдорду баалоо жана тууралоо үчүн жыл сайын студенттерден сурамжылоолору жана анкеталары жүргүзүлөт. | аткарылды |
| 3.2 Билим берүү уюму экзамендердин жана тестирлөөнүн ар кандай формаларын колдонуу менен окуунун натыйжаларын баалоодо ачыктыкты камсыз кылат. | аткарылды |
| 3.3 Бардык контролдуктун жыйынтыктары чогулуштарда талкуу-ланып, окуучулардын окууну таштоо себептерин талдоо боюнча чаралар керулууде. | аткарылды |
| 3.4 Билим берүү уюму студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алат жана академиялык мобилдүүлүгүн калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. | жарым-жартылай аткарылат |
| 3.5 Билим берүү программасы боюнча документтерди иштеп чыгууда, бүтүрүүчү студенттердин күтүүлөр, муктаждыктар жана канааттанууларды баалоо жыл сайын сурамжылоо түрүндө жүргүзүлөт. | аткарылды |

| | |
|---|---|
| 3.6 Студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо максатында, ОшТУда жыл сайын өткөрүлүүчү "Илим жана студент" аталышындагы илимий конференция, илимий ийримдер, кесиптик сынактар өткөрүлөт. | аткарылды |
| 3.7. Студенттердин арыздарына (даттанууларына) "Ишеним кутучасы" аркылуу жооп берүү жол-жоболору иштелип чыккан жана ишке киргизилген. | аткарылды |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|
| 4.1. "ГЖПжК" кафедрасынын профессордук-окутуучулар курамын жана окутуучу жана көмөкчү персоналды тандоону ачык жана объективдүү жүргүзөт жана конкурстун негизинде кабыл алынат. | аткарылды |
| 4.2. Профессордук жамаат билим берүүчү кесиптик тренингдерге, семинарларга жана башка иш-чараларга катышуу аркылуу өз квалификациясын жогорулатат. | аткарылды |
| 4.3.Окуу жайдын окутуучулары билим берүү программасына ылайык, мамлекеттик стандартынын негизинде окуу-методикалык комплекстерин даярдап, колледждин усулдук кеңеши менен макулдашып бекиттиришет. Тиешелүү болгон сабактардын окуу куралдарын жана окуу китептерин жазуунун үстүнөн иштешет. Ошондой эле студенттерге билим берүүдө, окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп окутуу колго алынган. өздөрүнө бөлүнүп берилген сабактар боюнча окуу-усулдук көргөзмөлөрдү жана колдонмолорду даярдашат. | аткарылды |
| 4.4. "ГЖПжК" кафедрасы тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, | аткарылды |

| | |
|---|---|
| студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Электрондук группалар ачылат (вотсап, телеграмм). | |
| 4.5. Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык билим берүүдө, окутуучулар өз алдынча билимин өркүндөтүүдөн тышкары өз ара тажрыйба алмашуу иштери жүргүзүлүп турат. Окуу жыл ичинде адистештирилген ишканалардын өкүлдөрүн тартуу менен окутуучуларга жана студенттерге семинар-тренингдер жана конок лекциялар өтүлүп турат. | аткарылды |
| 4.6. "ГЖПжК" кафедрасынын октуучулары Чалова Н.Т., Исраилова Г.М. "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК ишканаларында тажрыйба алышып, окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык практикадан өтүшкөн. Өз учурунда аталган окутуучулар алган тажрыйбаларын студенттерге сабак берүүдө колдонуп келүүдө, практикаларды өтүүдө студенттерге жакындан жардам беришүүдө. | аткарылды |

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 5.1. Билим берүү программасы студенттердин окуу китептерин жана окуу куралдарын дайыма камсыз кылат, нормативдик талаптарга ылайык келет. | аткарылды |
| 5.2. Билим берүү окуу жайларда билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына эрежелер дал келет. Ар бир кабинетте, лабораторияларда тиешелүү инструктаждар, инвентардык китепчелер илинген, техникалык коопсуздук боюнча эскертмелер илинген. | аткарылды |

| | |
|---|---|
| 5.3. Билим берүү программасында негизинен окуу процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар камсыздалган. | аткарылды |
| 5.4. Билим берүүдө колледжде окуу процессин камсыздоо үчүн керектүү болгон материалдык-техникалык база жетишерлик десек да болот жана алар заманбап материалдык-техникалык жабдыктар менен жабдылган. | аткарылды |
| 5.5.Билим берүү программасы студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бардык шарттарды түзүп берген. Китепканада усулдук кабинет орун алган, ал жерде семинар, конференция, тренингдерди өткөрүлүп турат. Колледждин студенттери эки жакта окугандыгына байланыштуу, ОшТУда окуганда университеттин китепканасынан, ал эми колледждин корпусунда окуганда анын китепканасынан пайдалангандай шарттар түзүлгөн. | аткарылды |

**Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү.**

| Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 6.1. Билим берүү уюму сапатты камсыздоонун ички тутумун жакшыртуу максатында жогорку жана орто кесиптик билим берүүдө өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыккан,бүгүнкү күндө толугу менен пайдаланылат. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтыруу жана маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн ыңгайлуу. | аткарылды |
| 6.2. Аталган UNIVER+ программалык комплексин колдонуу студенттер жана билим берүү уюмунун кызматкерлери үчүн жеке логин, пароль аркылуу ишке ашырылат, б.а. ар бир студенттин жана | аткарылды |

| | |
|---|---|
| окутуучунун жеке кабинетине кирүү үчүн персоналдык логин пароль берилет, ага жеке өзү гана кире алат. Эгер паролун өзгөртүүнү кааласа өзгөртүп алса да балот. | |
| 6.3 Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүүдө өзүнүн сайты жана массалык маалымат каражаттарын пайдаланышат. Ар жыл сайын “Бош орундар” жарманкесин өткөрүшөт | аткарылды |
| 6.4. Билим берүү уюму билим берүү программасын камсыз кылууда жетекчилик, атайын предмет мугалимдери, иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен биргеликте эмгек рыногуна жараша план программаларын карап чыгышат, б.а. кайтарым байланыш жылына бир жолу биргеликте талкуулоо механизми аркылуу жүргүзүлөт. | аткарылды |
| 6.5. Иш берүүчүлөр, билим берүү программасынын натыйжалуулугуна, студенттер практикада жүргөн учурда мониторинг жүргүзө алат, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө алар ишке орношуп, иштеп жаткан учурда айта алышат . Ой-пикир, сунуштарды ОшТУнун карьера борборуна жеткиришет. | аткарылды |

**3.2. Билим берүү программаларынын Сапаттуу билимдин стандарттарына дал келиши боюнча анализ.**

**3.2.1 Программалык аккредитация үчүн SWOT-анализ**

| S(strenght)- күчтүү жактары ( жакшы жактары ) | W(weakness)- алсыз жактары ( начар жактары ) |
|---|---|
| Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы;<br>• Мунай жана газды кайра иштетүү адистигине жылдан-жылга талаптын жогорулашы жана контингенттин көбөйүшү;<br>• Студенттердин окуунун аягында диплом алып чыгышы; | • Дуалдык окутуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдүн аздыгы;<br>• Материалдык-техникалык базанын эскилиги. |

| | |
|---|---|
| • Иш берүүчүлөрдүн окуу программасынын мазмунун жакшыртууга болгон аракеттери;<br>• Жылда-жылга Мунай жана газды кайра иштетүү адистигине каалоочулардын көбөйүшү. | |
| O (Opportunities) – мүмкүнчүлүктөр<br>( билим берүү уюмун жакшыртууга түрткү боло турган сырткы күчтөр ) | T (Threats)– коркунучтар (уюмдун ишин артка тартуучу факторлор): |
| • Кыска мөөнөттүү курстарды көбөйтүү өздүк счетту көбөйтөт;<br>• Иш берүүчүлөр менен бош орундар жарманкесин өткөрүү;<br>Студенттердин жана окутуучулардын Кыргызстандын ичинде жана коншулаш мамлекеттердин окуу жайларына стажировкаларын каржылоо булактарын издөө. | • Студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнө каражаттын аздыгы;<br>• Лабораториялардын жетишсиздиги студенттердин практикалык билимдерин төмөндөтөт;<br>• Техниканын эскилиги жетип, иштен чыгуусу, сапаттуу билим берүүгө тоскоол болот; |

### 3.2.2. Программалык аккредитациянын стандарттарына дал келиши

**1-стандарт боюнча: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

Критерийлер боюнча анализ:

1-критерий толук дал келет. Билим берүү максаттары БКББ окуу жайлары үчүн типтүү план иштелип чыгып, квалификациялык мүнөздөмөлөрү дал келет.

2-критерий толук дал келет. Окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү сунушталат.

3- критерий толук дал келет. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, студенттеринин жана кызыктар тараптардын катышуусун көрсөткөн маалыматтар бар, бирок, анализ толук жүргөн эмес.

√ **Сунуш:** Билим берүү сапатын камсыз кылуу максатында окуу жайда тараптардын катышуусунда мезгили менен баалоо жүргүзүлүүсү сунушталат.

4- критерий толук дал келет. Билим берүү сапатын камсыздоо максатында окуу жайда жооптуу адамдар бар.

5- критерий толук дал келет. Кафедрада билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана инновациялык усулдарды колдонууну колго алуу максатында, окутуучуларды мүмкүнчүлүк болгон ар түрдүү семинарларда, тегерек столдордо катышуусу колго алынган. Кафедранын окутуучулары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында

тиешелүү дисциплиналарга окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгышкан, проекторлор жана компьютерлерди пайдалануу менен сабак өтүшөт.

6-критерий толугу менен дал келет. Сабактардан сырткары кошумча билим берүү максатында ар кандай курстар жана кружоктор уюштурулган. Тилдерди үйрөнүү үчүн корей тил, кытай тил, америкалык-ресурстук борборунда тил үйрөнүү курстарына студенттер активдүү катышышат. Ошондой эле аккредитацияланып жаткан адистик боюнча "Жаш химик" кружоктору уюштурулган.

7-критерий толугу менен дал келет. Конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна баа берүү үчүн окуу пландары жана жумушчу программалары кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн эске алуу менен мезгил-мезгили менен оңдолуп турат.

**Пикир :** Окуу жайда мурунку аккредитациялоо мөөнөтүндө берилген каталыктар аткарылып, ар дайым стратегиялык пландоо жүргөнү жана ага мониторниг болгону аныкталды. Кызыкдар тараптардын катышуусу да жанданганы байкалды.

**Стандарттын күчтүү жагы** катары иш берүүчүлөрдүн окуу программасынын мазмунун жакшыртууга болгон аракеттерин көрүүгө болот.

**Сунуштар :**

Адистик боюнча окуу китептеринин жыл мөөнөттөрүн жаңылоо сунушталат.

Билим берүү сапатын камсыз кылуу максатында окуу жайда академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү сунушталат.

**Чечим**: стандарт дал келет.

**2- стандарт боюнча: Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

1-критерий толук дал келет.

2-критерий толук дал келет. Академиялык мобилдүүлүк боюнча студенттер жана окутуучуларды белгилүү бир академиялык мезгилге башка окуу жайлар менен тажрыйба алмашуу, материалдык-техникалык базасы, окуу усулдары менен таанышып билим деңгээлин жогорулатууга, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк алат. Окуу жай тарабынан каржылоо толук кандуу жүрбөйт.

3- критерий толук дал келет. Кафедрадагы адистиктин билим берүү программалары мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программаларын иштеп чыккан жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн иш-аракеттерди аткарып келет.

4- критерий толук дал келет. Окуу программаларынын жаңырышына кызыкдар тараптардын катышуусу каралган. Себеби, техниканын өнүгүшү менен окуу программаларына жаңы сааттар киргизилген. Мониторингдин анализи көрсөткөндөй, билим сапаты өсүп, контингент көбөйгөн.

**Пикир:** Окуу жайда мониторинг мезгил-мезгили менен кызматтык нускамага ылайык жүргүзүлөт. Бирок, ар бир жүргүзүлгөн иш боюнча анализ берилген эмес.

**Сунуш:** аткарылган анкетирлөө иштерине анализ жүргүзүлсүн.

**Чечим**: стандарт дал келет.

**3-стандарт: Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.**

1-критерий толугу менен дал келет. Окуучулардан алынган анкеталардын анализи толук берилген эмес. Бирок, окутууда колдонулган усулдун түрлөрү берилген.

**Сунуш:** окутуучулардын сабактарда колдонгон усулдарын окуучунун көзү менен мезгили менен баалоо сунушталат жана анализ толук жүргүзүлүүсү сунушталат.

2- критерий толугу менен дал келет. Кафедранын адистигинин билим берүү программалары студенттердин билимин баалоонун критерийлеринин, методдорунун жана алардын түрлөрүнүн жол-жоболорун өзүнүн сайтында жайгаштырат. Андан сырткары ал маалыматтар ар бир окутуучунун жумушчу программасында ачык-айкын жана жеткиликтүү чагылдырылат. Студенттердин сабакка катышуу, жетишүүсү ОшТУнун сайтында жана Универ программасы аркылуу интернет сайтында көрсөтүлгөн жана аны студенттин өзү, ата-энеси же кызыктар тараптар байкап мониторинг жүргүзө алат.

3-критерий толугу менен дал келет. Колледждин жетекчилиги жана кафедра башчы тарабынан окуучулардын окууну таштоо себептери, мисалы, үй-бүлөлүк себептерден (финансылык абалдын оордугу), жүйөлүү себепсиз сабакка келбей калуусу дайыма талданат жана чаралар көрүлөт. Студенттерди бекемдөө жана жетишүүсүн жогорулатуу үчүн курторлордун билдирүүсүнүн негизинде жеңилдетилген шарттарды сунуштоо кафедрада талкууланып, жетекчилике маалымдалат.

4-критерий жарым-жартылай дал келет. Кафедранын адистиктеринин билим берүү программалары окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алгандыгы менен академиялык мобилдүүлүгүн калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр толук кандуу түзүлгөн эмес.

**Сунуш:** студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарына анализ берилсин.

5- критерий толук дал келет. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну баалоо механизми 2 этаптан турат: бүтүрүүчүлөр тууралуу маалыматты бүтүрүү курсунун аягында чогултуу (даректери, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин телефондору, электрондук даректери ж.б.) жана колледжди аяктагандан кийин 6 айдан кийин бүтүрүүчүлөр байкоого алынат. Көз салуу үчүн анкеталар даярдалып, негизинен социалдык тармактар аркылуу даректерге жөнөтүлөт. Бүтүрүүчүлөрдүн жооптору талданып, ишке орношуу көрсөткүчтөрүн жакшыртуу планы түзүлөт.

6- критерий толук дал келет. Студенттердин ар түрдүү олимпиада, конкурстарга катышуусу колго алынган. Кафедранын адистиги боюнча студенттердин арасында предметтик олимпиадалар өткөрүлүп турат. Ошондой эле, кафедрада кесиптик сынактарды жана долбоорлорду жыл сайын өткөрүү колго алынган.

7- критерий толук дал келет.

**Сунуш:** даттануулар боюнча иштелип чыккан Жобо тиркелсин.

**Анализ:** Окуу жайда студенттердин жетишкендиктери натыйжалуу бааланат.
**Чечим:** Стандарт толугу менен дал келет.

## Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу көмөкчү персонал.

1-критерий толугу менен дал келет. Окуу жайда ишке кабыл алуу Уставдын жана Эмгек кодексинин негизинде жүргүзүлөт.

2-критерий толугу менен дал келет. ОшТУда жана колледжде окутуучулардын квалификацияларын жогорулатуунун планы иштелип чыккан. Планга ылайык кафедралардын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет.

3-критерий толугу менен дал келет. "ГЖПжК" кафедрасынын окутуучу-профессордук курамы жыл сайын билимин өркүндөтүү максатында илимий семинарларга, курстарга. тренингдерге катышып турат. Ошондой эле студенттерге билим берүүдө, окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп окутуу колго алынган. өздөрүнө бөлүнүп берилген сабактар боюнча окуу-усулдук көргөзмөлөрдү жана колдонмолорду даярдашып, ОшТУнун окуу-усулдук кеңешинен бекиттирип, ОшТУнун басмаканасынан чыгарышып, китепкана фондуна өткөрүп беришет.

4- критерий толугу менен дал келет. Жаңы окуу жылынын башталышында биринчи курска кабыл алынган тайпаларга "ГЖПжК" кафедрасы тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Академиялык кенешчи катары ОшТУнун бирдиктүү терезеси иш алып барат. Студенттер өздөрүнө зарыл болгон маалыматтарды, маалымкаттарды, ж.б. зарыл болгон тактамаларды бирдиктүү терезеден акысыз ала алышат. Жатаканада жашаган студенттер үчүн шарттар түзүлгөн, алардын ичинде жатакана директору Апазов Бактыяр студенттердин бош убактыларын өткөрүү боюнча бекитилген жылдык иш-планынын негизинде иш алып барат.

5-критерий толугу менен дал келет. Окуу жыл ичинде адистештирилген ишканалардын өкүлдөрүн тартуу менен окутуучуларга жана студенттерге семинар-тренингдер жана конок лекциялар өтүлүп турат. Атап айтсак, 2023-жылы ноябрь айында Өзбекстандын ФерПИнин Химия кафедрасынын кафедра башчысы жетектеген өкүлдөр Нефтинин жана газдын химиясы сабагынан нефтинин технологиясы тууралуу конок лекция өтүп беришти.

6- критерий толугу менен дал келет. "ГЖПжК" кафедрасынын октуучулары Чалова Н.Т., Исраилова Г.М. "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Аэро Ош" ЖЧК ишканаларында тажрыйба алышып, окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык практикадан өтүшкөн.

**Анализ:** Стандартты толугу менен аткарууга окуу жайда бардык шарттар түзүлгөн.

√ **Сунуш:** Усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жана басмаканадан чыгаруу күчөтүлсүн.

**Чечим:** стандарт толугу менен дал келет.

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**

1-критерий жарым жартылай дал келет. Окуу жайда аккредитациядан өткөрүлүп жаткан адистик боюнча атайын окутуу бөлмөлөрү жана лабораториялар толук кандуу жабдылган эмес.

√ **Сунуш:** лабораторияларды жаңылоо зарыл.

2- критерий толугу менен дал келет. Колледждин окуу процессине тиешелүү болгон бардык аудиториялары Ош шаарынын Санитардык эпидемиялогиялык көзөмөл борбору

тарабынан жыл сайын текшерилет, профессордук-окутуучулук жана жардамчы-көмөкчү курамдар жыл сайын медициналык кароодон өтүп турушат. Университетте КРнын 07.06.2007-ж №22 "Өрт коопсуздугу боюнча" мыйзамынын негизинде бардык талаптар аткарылат.

3-критерий толугу менен дал келет. Окуу процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар алынган, иштелип чыккан жана алар программанын мазмунуна дал келет. Окуу-усулдук комплексинин материалдары басма түрүндө гана болбостон, алардын электрондук варианттары ОшТУнун Универ билим берүү порталына киргизилген.

4-критерий толугу менен дал келет. ГТК ОшТУнун базасында болгондуктан, жогорку кесиптик билим берүү программаларынын окуу кааналарын биргеликте колдонушат. Колледжде окуу процессин камсыздоо үчүн керектүү болгон материалдык-техникалык база жетишерлик санда бар жана алар заманбап материалдык-техникалык жабдыктар менен жабдылган.

5-критерий толугу менен дал келет. Окуу жайда түзүлгөн шарттар студенттердин өз алдынча иштөөсүн камсыз кыла алат.

**Анализ:** стандарт жарым-жартылай дал келет. Окуу жайдын лабораториялары эски, ошондуктан, акырындык менен жаңыртылууга тийиш.

Стандарттын күчтүү жагы: Окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар аккредитацияланып жаткан билим берүү программасынын мазмунуна шайкеш келет.

Алсыз жактары: Окуу жайда студенттердин өз алдынча иштөөсүнө шарттарды толук кандуу түзүү үчүн чийме доскалары бар кааналарды кеңейтүү зарыл

**Чечим**: стандарт жарым-жартылай аткарылат.

### Стандарт 6: Маалымат жана аны коомчулукка жеткирүү.

1-критерий толугу менен дал келет. Ош технологиялык университети өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыгып, ишке киргизди. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтыруу жана маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн иштелип чыккан. Аны ишке ашыруу заманбап билим берүү мекемесинин алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

2-критерий толугу менен дал келет. UNIVER+ программалык комплексин колдонуу окуучулар жана билим берүү уюмунун кызматкерлери үчүн жеке логин, пароль аркылуу ишке ашырылат, б.а. ар бир студенттин жана окутуучунун жеке кабинетине кирүү үчүн персоналдык логин пароль берилет, аны өз каалоосу менен өзгөртүп алса да болот.

3- критерий толугу менен дал келет. Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүүдө өзүнүн сайты жана массалык маалымат каражаттары пайдаланылат: ОшТУнун веб-сайты, "Жаштык" теле берүүсү, жылына 2 жолу чыгуучу "Универсал" газетасы, андан башка "Ынтымак", "ОшТВ", "Ош Пирим" теле берүүлөрү аркылуу маалымдоо каражаттарын пайдаланат. Мындан башка "Бош орундар" жарманкеси, буклеттер, шаардын көчөлөрүндө илинген жарманкелер аркылуу таанылат. Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар

боюнча туура жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында түзүлгөн сайт аркылуу жарыялап турат.

4- критерий толугу менен дал келет. Билим берүү уюму билим берүү программасын камсыз кылууда жетекчилик, атайын предмет мугалимдери, иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен биргеликте эмгек рыногуна жараша план программаларын карап чыгышат, б.а. кайтарым байланыш жылына бир жолу биргеликте талкуулоо механизми аркылуу ишке ашат. Эгерде программада кемчиликтер жана өзгөртүүлөр зарыл болсо эки тараптуу макулдашуу менен ондолот жана ондолгон программаны бекитүү жетекчилике сунушталат.

5- критерий толугу менен дал келет. Иш берүүчүлөр, билим берүү программасынын натыйжалуулугуна, студенттер практикада жүргөн учурда мониторинг жүргүзө алат, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө алар ишке орношуп, иштеп жаткан учурда айта алышат жана алар ОшТУнун карьера борбору, кафедра менен болгон жолугушууларда өздөрүнүн ой-пикирлерин, сунуштарын беришет. Бул жолугушуулар протоколдоштурулуп, фото сүрөттөр менен тастыкталып, эки тараптуу колдор коюлгандан кийин документтештирилет жана жетекчилик менен талкууланат.

**Анализ:** коомчулук менен байланыш түзүү ишке ашырылган, окуу жайдын сайты толук кандуу иштейт. Өзүнүн бирдиктүү маалыматтык тутуму майнаптуу иштеп келет.

**Чечим**: стандарт толугу менен аткарылат.

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫНА ДАЛ КЕЛИШИ

| № пп | Стандарттар | Билим берүү прорамmасын баалоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Толук дал келет (3 балл)** | **жарым-жартылай дал келет (2 балл)** | **дал келбейт (1 балл)** |
| 1 | **1-стандарт: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.** (7 критерий) | 21 | - | - |
| 2 | **2-стандарт: Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.** (4 критерий) | 12 | - | - |
| 3 | **3-стандарт: Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.** (7 критерий) | 21 | 2 | - |
| 4 | **Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.** (6 критерий) | 18 | - | - |
| 5 | **Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.** (5 критерий) | 15 | - | - |
| 6 | **Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү.** (5 критерий) | 15 | - | - |
| | **жыйынтыгы: критерий 34** | 102 | 2 | |
| | **жыйынтык баллдары** | **102** | **2** | |

**Жыйынтыгы 104 балл**

75 тен 95 баллга чейин – толук аккредитация 5 жылга
45тен -75 баллга чейин – шарттуу аккредитация 3 жылга
25тен 45 баллга чейин – шарттуу аккредитация 1 жылга
25 баллдан төмөн аккредитациядан өтпөйт.

## 5. КОРУТУНДУ

Эксперттик топ программалык аккредитацияда сырткы баалоонун негизинде:

1. 240404 "Мунай жана газды кайра иштетүү" адистигинин программаларынын билим берүү ишмердүүлүгү "Сапаттуу билим" эл аралык аккредитациялык Агенттигинин стандарттарына жооп берет деп тапты.
2. Аккредитациялык Кеңешке ОшТУнун ГТКнин 240404 "Мунай жана газды кайра иштетүү" адистигинин программаларын толук аккредитациядан өткөрүүгө (5 жылга) сунуштайт.